## Бюджет-бул жарандардын акчасы

# Айылдык округдарда бюджет кантип керектелет?

**Базар-Коргон районуна караштуу Кенеш айыл округунун башчысы Базаркулов Болотбек менен сүйлөшкөнүмдө бул айыл округунун бир жылдык бюджети 29 млн. 744 миң сом, анын 11% гана жергиликтүү салыктар түзөт экен. Ал эми ушул округга караштуу 14 мектепте иштеген мугалимдердин жана техникалык кызматкерлеринин, 1 бала бакчада иштеген кызматкерлердин айлык акылары үчүн республикалык бюджеттен категориялык гранттын суммасы 22 млн. 218 миң сом, теңдөөчү грант 3 млн. 892 миң сом.**

Бюджеттин киреше булактарына токтолсок: юридикалык жактардан жер салыгы, там арка салыгы, айыл чарба эмес багытындагы салык, автоунаа салыгы, К.Ф.Б. ижара салыгы, кыймылсыз мүлк салыгы, административдик жаза, патенттин негизиндеги салык, сатуудан түшкөн салык, жайлоо ижарасы, 2010-жылдын 12 айынын жыйынтыгы боюнча, көптөгөн мээнеттин натыйжасында жалпы суммасы 3 млн. 324 миң 200 сом жыйналып алынды.

Жыйналбай калган карыздын суммасы 312 миң сом. Бул колунда жок, чет өлкөлөргө кетип калган, салык төлөө жоопкерчилигине маани бербеген адамдардан алына турган салык. Бирок булар убактысында жыйналбаса да, кечигип жыйналат.

Салыктан түшкөн каражаттардын кайра бөлүштүрүлүшү тууралуу маалыматты жаап-жашыруунун деле негизи жок, бизде депутаттар, айыл башчылары активдүү иштешет, биз чейрек сайын ар бир айылда элдик жыйын өткөрүп, болгон маселелерди айтып турабыз,- деди. Болот Бааранович бюджеттеги акчаны жаап-жашырмак түгүл, анын бир бөлүгүн түзгөн салык жыйноо бизге маселе боюнча калып жатат деп,- ар бир айыл боюнча салык төлөбөй жүргөн адамдардын тизмелерин көрсөттү.

Бюджетке топтолгон жергиликтүү салыктын сарпталышы: эмгек акы, соц. фонд, сапар чыгым, электр энергия, телефон кызматы, транспорттук чыгым, ремонт, эмерек алуу, көмүр-отун алу, түрдүү чыгым.

Мени ушул жерден түрдүү чыгым эмнелерди түзөрүн кызыктырган суроомо, бул бардык ишти аткарууга жумшала турган, мисалы мектептерге чарбалык буюмдарды сатып берүүгө, ар кандай жардамга: сыркоолоп дары-дармек алууга акчасы жок болуп же бөөдө кырсыктан жабыр тартып кайрылгандарга мүмкүнчүлүккө карап берилген акчалар, деген жооп алдым. Бирок, салыктан жыйналган акча муктаждыкты толук камсыз кылбай, республикалык бюджеттен алынган 3 млн. 892 миң 200 сом теңдөө гранты округ аппарат башкармалыгы, билим берүү жана маданиат тармактары боюнча бардык статьяларды жабууга жумшаларын кошумчалады.

Бюджеттин киреше бөлүгүн кандай кошумча булактардан көбөйтүүгө болот,- деген соболума айыл округунун башчысынын жообу мындай болду: Кеңеш айыл округунун аймагындагы айыл чарбасына пайдалуу жер аянттарын аралап тургузулган жогорку чыңалуудагы линияларды тарткан столбалар өтөт, булар жалпысынан 100га жакын аянтты ээлеп, биздин эгин аянттары деп эсептелген жерлерди айдоо азайып, ушул маселе боюнча мурдагы Энергетика министри И. Давыдовго биздин айыл округуна компенсация төлөп берүүсүн өтүнүп кат жазган элек. Ал киши бул маселени карайбыз,- деп убада берген, андан кийин өлкөбүздө өзгөрүүлөр болуп кетти. Ошондой эле биздин айыл округду аралап өткөн суу каналы бар, анын белгилүү гана жерлерине көпүрөлөр орнотулган, талааларды айдоодо тракторчулар айланып өтүп жер айдоого мажбур болушат. Мында күйүүчү-майлоочу майлар көбүрөөк сарпталат. Бул каналдын пайдасынан да, кооптуулугу өзүнчө маселе, жыл сайын адамдар зыян тартып, малдар агып кеткен учурлар да болуп турат. Эгерде ушул каналды биздин аймакты аралап өткөндүгү үчүн компенсация алсак, жанагы көп сарпталган майларга кеткен чыгаша бир аз болсо да азаймак. Бул маселе тууралуу тиешелүү учурларда айтылып келе жатат, бирок азырынча жыйынтыгы жокко эссе.

Ал эми муниципиалдык менчик тууралуу, менчиктин ушул түрүнө кирген мүлктөрдүн укуктук абалын тастыктоочу документтер азыр мамлекеттик каттоодо даярдалып жатканын, бул айыл округуна тиешелүү муниципиалдык менчиктен жарытылуу пайда алына электигин, ал жергиликтүү бюджеттин 0,002% гана же 5000 сом түзөрүн, союз маалында тынбай иштеген ишканалардын имараттарынын көбү талканалып, таланып кеткенин, калгандарын калыбына келтирип, иштетип кетүү дагы оңойго турбаганын айтып, ишкерлер инвестиция тартып иштетсе, бизге да пайда болот эле,- деп кейиди округ башчысы.

**Зирек АСАНОВА,**
**Жалал-Абад шаары**